**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**АК-ТАЛАА РАЙОНУ**
**ТОГОЛОК-МОЛДО**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОН**
**ТОГОЛОК-МОЛДОСКИЙ**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

---

Тоголок-Молдо айылдык Кенешинин IX-чакырылышынын кезексиз III-сессиясынын

**№ III/1-ТОКТОМУ**

**Кара-Ой айылы** **23-май 2022-жыл.**

**Тоголок-Молдо айыл аймагынын Чекенди талаа участкасындагы ФПЗдин 11,0 га жери жөнүндө**

Күн тартибиндеги ФПЗдин Чекенди талаа участкасындагы 11,0 га жер боюнча маселесин карап жана талкуулап Тоголок-Молдо айылдык кенешинин IX-чакырылышынын кезексиз III-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чекенди талаа участкасындагы ФПЗдин 11,0 га жери боюнча айыл өкмөт башчысы Э.Сатаров сессияга катышпай калгандыктан жана айыл кеңештин депутаттарынын суроо, талабы канааттандырылбагандыктан бул маселени кайрадан кароо депутаттардын кийинки жолку сессиясына калтырылсын.
2. Кийинки болчу сессияга 11,0 га жер боюнча арендаторлорго, айыл өкмөтүнүн айыл чарбасы, жер жана жерге жайгаштыруу боюнча жетектөөчү адиси Б.Назаралиевге, Жолочу уулу Нурсултанга алдын ала билдирүү жиберилип, сессияга катышууга чакыртылсын.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айыл өкмөт башчысына тапшырылсын.

**Айылдык Кенешинин төрагасы:** **Б.Абдыласов.**